# Т Е М А:СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

(6саат)

Негизги түшүнүктөр:мектептин социалдык педагогу,гуманист,уюштуруучу,тарбиячы,кызматтык милдеттер,социалдык педагогдун негизги багыттары.

Ресурстар: проектор флипчарт,маркерлер,таратылуучу материал,китеп.

Максаты: Мектептеги социалдык педагогдун ролу,кызматтык милдеттери,ишинин негизги багыттары,укуктары,социалдык иштин принциптери, тууралуу маалымат алышат.

Милдеттер:

1. Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү тууралуу өз ойлорун айтышат.
2. Социалдык педагогдордун иш багыттарына баа беришет.

Күтүлүүчү натыйжа:

-социалдык педагогдун гуманист,талдоо жүргүзүүчү,укук коргоочу,педагог-психолог,социалог,уюштуруучу,тарбиячы,усулчу изилдөөчү экендиктерин баяндап беришет;

**-мектептин социалдык педагогунун ар кандай көйгөлөр менен иштөөсүндөгү багыттары тууралуу ой бөлүшөт;**

**-социалдык педагогдун ишинин негизги багыттары, укуктары, милдеттери тууралуу иш-тажрыйбалары менен таанышышат.**

**Кимдерге өтүлөт: Социалдык педагогдорго**

**Өтүү мөөнөтүү: Курстун окуу жүгүртмөсүнө ылайык**

**Лектор: Кадыралиева К.**

Теманын максаттары жана милдетери менен таанышуу

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | • киришуу | • Мини-лекция | Байкоо,аңгемелешүү | |
| 2 | Социалдык педагог ким? | • Мээге чабуул | Презентация | |
| 3. | Мектептеги социалдык педагогдун ролу | Мини-лекция,суроо-жооп.Топто иштөө | Презентация | |
| 4. | Социалдык педагогдун кызматтык милдеттери,укуктары | Мини-лекция,суроо жооп.Топто иштөө | Презентация | |
| | | | Презентация | |
| | | | Колдонулуучу методдор | |
| | | | Топто,жекече баалоо,бирин-бири баалоо | Баалоонун техникалары |
| 5. | № | Теманын мазмуну | | |
| 6. | Жыйынтыктоо | Суроо-жооптор.Кайтарым байланыш | | |

# Киришуу

1.Азыркы мезгилдеги татаал социалдык-экономикалык кырдаал,жашоо-турмуштун начарлап кетиши,саясий туруксуздук сыяктуу коомдогу өзгөрүүлөр адамдардын жашоо абалына,ал түгүл жүрүм-турумуна да таасирин тийгизүүдө. Натыйжада адамдарды социалдык жактан коргоону өркүндөтүү максатында педагогдун жаңы тиби- мектептерде социалдык педагог деген кызмат орду пайда болду.Азыркы кезде аны кыскача социалдык педагог деп аталууда.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №58 токтому менен билим берүү мекемелерине социалдык педагогдун кызмат орду киргизилип, анда социалдык педагогдун кызмат орду негизги жалпы жана орто мектептерде окуучулардын контингенти 300 адамга чейин болсо-0,25 ставка, 300 дөн 400 адамга чейин болсо-0,5ставка, 400дөн 500 адамга чейин-075 ставка,500дөн 600 адамга чейин-1.125ставка менен белгиленген.

Бул жаңы кесипкөй социалдык-педагогикалык иш азыркы кездеги социалдык абалга коомдун чара көрүү ыкмаларынын бири болуп саналат.Анткени, узак мезгилдер бою кылымдап түптөлгөн элдик тарбия анча көңүлгө алынбай, психология илиминин тарбиялык жагдайлары кеңири колдонулдбай келгендиктен, балдарды,окуучуларды деги эле жаштарды тарбиялоодо көптөгөн көйгөйлөр пайда болду.Жаштар кылмыштуулук, аракечтик, баЖаштар кылмыштуулук, аракечтик, баңгилик ж.б.у.с. терс жолдорго түшүп кеткен учурлар да аз эмес. Ошол себептен коомчулук жана окумуштуулар социалдык педагог деген кесиптин керектиги азыркы учурда абдан керектигин актуалдуу маселе экендигин көтөрүп чыгышты. 2010-жылдан бери мектептерде социалдык педагогдор иштеп жатышат.

## 2. Социалдык педагог деген ким?

Социалдык педагог-бул жаңы типтеги педагог, мектептеги түрдүү адистиктеги мугалимдердин ишине усулдук сунуштарды берүү максатында түзүлгөн адистик. Ал ошону менен катар окуучулар менен жекече социалдык-педагогикалык иштерди, түрдүү топтогу мектеп окуучулары, алардын ата-энелери,мугалимдер жана коомчулук менен тыгыз байланышта болушат.

Социалдык педагог учурдагы социалдык абалга жараша тез чара көрөт, балага мезгилдин талабына ылайык жаңыча мамиле жасайт, ар кандай кырдаалга туш болгон окуучунун бардык көйгөйлөрүн чечүүгө аракеттенет.

1.Социалдык педагог мугалимдер үчүн окуучулар менен жекече иштөөнүн, аны окутуу жана тарбиялоонун методдорун иштеп чыгат.

2.Класс менен социалдык-педагогикалык багытта иштөөнү уюштурат.

3.Ата-энелер менен өз ара байланышта болуунун, аларга жекече жардам берүүнүн методдорун иштеп чыгат.

4.Мугалимдер менен окуучулардын, окуучулар менен ата-энелердин ортосундагы ар кандай пикир келишпестиктерди,окуучулар менен окуучулардын ортосунда болгон жаңжалдарды чечүүгө жардам берип, аларга ортомчулук кылат.

5. Окуучуларга өз алдынча иш жүргүзүү, классташтары,мугалимдери, ата-энелери,тели-теңтуштары,башка курактагы балдар менен болгон пикир келишпестиктерди, жаңжалдарды кантип чечүүгө болору жөнүндө кеңеш (консультация) берет.

6. Ата-энелерге баласы менен мамле түзүүсүн жакшыртуу,баланын мугалимдер менен болгон байланышын күчөтүү, окуучулардын ынтымагын бекемдөө ж.б. боюнча (консультация)кеңеш, методикалык жардам берет.

Социалдык педагогго коюлуучу негизги талап- анын балдарды, педагогикалык ишин жакшы көрүүсү, өз ишине берилүү менен мамиле жасап, келечекте мыкты адис,кызматкаер,татыктуу ата-эне,боло ала турган,жакшы тарбия алган жаш муундарды тарбиялоого,терс жолго түшкөн, оор же жагымсыз шарттарга туш болгон жана социалдык жактан коргоого муктаж балдарды өзүнүн кесипкөйлүгү, кыраакылыгы,амалкөйлүгү, билгичтиги менен оң жолго салууга көмөктөшүүсү жана балдарга,жаштарга, мугалимдерге ж.б. тийиштүү ченемдик укуктук актыларды (мыйзам,кодекс ж.б.)мыкты билүүсү.

Социалдык педагог
–социалдык педагог–гуманист
–социалдык педагог–талдоо жүргүзүүчү
– социалдык педагог–укук коргоочу
–социалдык педагог–педагог–психолог
– социалдык педагог–социалог
– социалдык педагог–социалдык кызматкер
–социалдык педагог– уюштуруучу
–социалдык педагог– тарбиячы
–социалдык педагог–усулчу
–социалдык педагог– изилдөөчү

3.Мектептеги социалдык педагогдун ролу

Мектептерде иштеген социалдык педагодор түзүлгөн кырдаалды жайгарууда төмөндөгүдөй иштерди аткарышат:

–ортомчулук;
–коргоочулук;
–жактоочулук;
–уюштуруучулук ж.б.

Мектептин социалдык педагогу төмөнкү проблемалар менен иштейт:

- 3.МЕКТЕПТЕГИ СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН РОЛУ
- МЕКТЕПТЕРДЕ ИШТЕГЕН СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОДОР ТҮЗҮЛГӨН КЫРДААЛДЫ ЖАЙГАРУУДА ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ ИШТЕРДИ АТКАРЫШАТ:
- -ОРТОМЧУЛУК;
- -КОРГООЧУЛУК;
- -ЖАКТООЧУЛУК;
- -УЮШТУРУУЧУЛУК Ж.Б.
- МЕКТЕПТИН СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГУ ТӨМӨНКҮ ПРОБЛЕМАЛАР МЕНЕН ИШТЕЙТ:
- 1.ОКУУЧУНУН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АБАЛЫ.
- 2.АТА-ЭНЕЛЕРИНИН ЖАШОО-ТУРМУШ ШАРТЫ.
- 3.ТАМЕКИ ЧЕГҮҮ,НАСПАЙ ТАРТУУ.
- 4.АРАКЕЧТИК.
- 5.БАҢГИЛИК, ТОКСИКОМОНИЯ.
- 6.СЕЛСАЯКТЫК,ҮЙДӨН КАЧУУ.
- 7.МАЙЫПТЫК.
- 8.ТАБИГИЙ КЫРСЫККА КАБЫЛУУ.
- 9.СОЦИАЛДЫК ДЕЗАПТАЦИЯ.
- 10.СОЦИАЛДЫК ЧҮНЧҮҮ (ДЕПРЕССИЯ).
- 11. ЖУМУШСУЗДУК.
- 12.УРУУЛУК, ЧӨНТӨКЧҮЛҮК.
- 13.АРГАСЫЗ МИГРАЦИЯ.
- 14.ЖАН ДҮЙНӨНҮН ЖАБЫРКАШЫ Ж.Б.
- 4.СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ
- СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНДЕ БАЛДАРДЫН МАДАНИЯТТУУ ЖҮРҮМ-ТУРУМУН ТҮЗҮҮГӨ, АЛАРДЫН КООМДУН ТУРМУШУНА КӨНҮГҮШҮНӨ, УЛУУНУ УРМАТТОО,КИЧҮҮНҮ ЫЗАТТОО МЕНЕН МАМИЛЕ ЖАСООГО,КООМДУК МҮЛККӨ, ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА ЖАНЫБАРЛАР ЧӨЙРӨСҮНӨ АЯР МАМИЛЕ ЖАСООГО БАГЫТТАЛГАН ИШТЕРДИ УЮШТУРАТ.ОШОНДОЙ ЭЛЕ БАЛДАРДЫН,ӨСПҮРҮМДӨРДҮН, ЖАШТАРДЫН ЖАНА УЛУУ КУРАКТАГЫЛАРДЫН ЖАШАГАН ЖЕРИ БОЮНЧА СОЦИАЛДЫК МААНИЛҮҮ ИШТЕРДИ ЖҮРГҮЗӨТ.
- ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЧӨЙРӨСҮНҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН,ЖАШОО ШАРТТАРЫН ИЗИЛДЕЙТ, АЛАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮТӨРҮН, ЖАШОО ШАРТТАРЫН ИЗИЛДЕЙТ,АЛАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН ЖАНА КЕРЕКТӨӨЛӨРҮН, КЫЙНАЛЫШТАРЫН ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮН, ЧЫР-ЧАТАКТУУ ЖАГДАЙЛАРЫН, ЖҮРҮМ-ТУРУМУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ АНЫКТАЙТ, ӨЗ УЧУРУНДА СОЦИАЛДЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТӨТ.ОКУУЧУЛАРГА ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛДОО КӨРСӨТӨТ,ОКУУЧУ МЕНЕН ОКУУЧУНУН,ОКУУЧУ МЕНЕН АТА-ЭНЕНИН, ОКУУЧУ МЕНЕН МУГАЛИМДИН, ОКУУЧУ МЕНЕН АЛ БАЙЛАНЫШКАН БАШКА АДАМДАРДЫН ОРТОСУНДАГЫ ЖАГЫМСЫЗ МААНАЙЛАРДЫ, ПИКИР КЕЛИШПЕСТИКТЕРДИ,ЧЫР-ЧАТАКТУУ УЧУРЛАРДЫ ЖАЙГАРЫП,ОРТОМЧУЛУК КЫЛАТ. ОКУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН ИШКЕ АШЫРУУГА, ЖАЙЛУУ ЖАНА КООПСУЗ ЖАГДАЙ ТҮЗҮҮГӨ,ДЕН-СООЛУГУН САКТООГО КӨМӨК КӨРСӨТӨТ.
- ОКУУЧУЛАРДЫН АТА-ЭНЕЛЕРИ,УЛУУ КУРАКТАГЫ ТУУГАНДАРЫ,КОШУНАЛАРЫ МЕНЕН ИШТЕП,НУКУРА ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮГӨ АРАКЕТТЕНЕТ.САБАКТАН ТЫШКАРКЫ МЕЗГИЛДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ТАЛАНТЫН,ШЫГЫН ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨРЧҮТҮҮГӨ,СПОРТ МЕНЕН МАШЫГУУСУНА,КООМДУК ПАЙДАЛУУ ИШ ЖАСАШЫНА ШАРТ ТҮЗӨТ.КАМКОРЧУЛУККА ЖАНА

МЕКТЕПТИН СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГУ

1.ОКУУЧУЛАР (ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАР) МЕНЕН МЕКТЕПТИН, ҮЙ-БҮЛӨНҮН, ЧӨЙРӨНҮН, ТҮРДҮҮ СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТТАРДЫН,ВЕДОМСТВОЛОРДУН ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК ОРГАНДАРДЫН АДИСТЕРИНИН ОРТОСУНДАГЫ ПИКИР КЕЛИШПЕСТИКТЕРГЕ ОРТОМЧУЛУК КЫЛАТ.

2.СОЦИАЛДЫК –ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШТЕРДИН МИЛДЕТТЕРИН,ФОРМАЛАРЫН, УСУЛДАРЫН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЖЕКЕ МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУН АНЫКТАЙТ, СОЦИАЛДЫК КОРГОО ЖАНА КОЛДОО, ОКУУЧУЛАРДЫН (ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАРДЫН) ЭРКИНДИГИН ЖАНА УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАРДЫ КӨРӨТ, ӨСПҮРҮМДӨР МЕНЕН БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН КОРГОЙТ, МЕКТЕПТЕ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АР ТҮРДҮҮ ИНСТАНЦИЯЛАРДА АЛАРДЫН ӨКҮЛҮ КАТАРЫ ИШ ЖҮРГҮЗҮП,БУЛ МАКСАТТА МЫНДАЙ ИШКЕ БАШКА КЕСИПТЕГИ АДИСТЕРДИ ДА ТАРТАТ;

3.ОКУУЧУЛАРДЫН(ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАРДЫН) ЖАНА УЛУУ КУРАКТАГЫ АДАМДАРДЫН АР КАНДАЙ СОЦИАЛДЫК БААЛУУ ИШТЕРИН, СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН МААНИЛҮҮ ДЕМИЛГЕЛЕРДИ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ИШ-ЧАРАЛАРДЫ УЮШТУРАТ. СОЦИАЛДЫК ДОЛБООРЛОР МЕНЕН ПРОГРАММАЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУГА, АТКАРУУГА КАТЫШАТ.

4.ЖАШТАРДЫН ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ЖҮРУМ-ТУРУМУНДАГЫ КООМГО ЖАТ ФАКТЫЛАРДЫ (КЫЛМЫШТУУЛУК, УКУК БУЗУУ, АРАКЕЧТИК,ТОКСИКОМАНИЯ,БАҢГИЛИК Ж.Б. АЛДЫН АЛУУ ИШТЕРИ) ӨЗ УБАГЫНДА АНЫКТАП, АЛДЫН АЛУУ ИШТЕРИН ЖҮРГҮЗӨТ, СЕРГЕК ЖАШОО МҮНӨЗҮН УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ МЕНЕН ИШ ЖҮРГҮЗҮП, АКЫЛ-ЭС ЖАНА ДЕНЕ БОЙ ЖАГЫНАН ЖЕТИЛИШИНДЕ ӨКСҮГҮ БАР ЖАШТАР ЖАНА БАЛДАРДЫ ТҮЗӨТҮҮЧҮ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮЧҮ, ДЕН-СООЛУГУН ЧЫҢДООЧУ ИШТЕРДИ УЮШТУРАТ.

5. ОКУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИГИН ИШКЕ АШЫРУУ,ДЕН-СООЛУКТУ ЖАНА ӨМҮРДҮ КОРГООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ БЕЙПИЛ ЖАНА ЖАГЫМДУУ ШАРТ ТҮЗҮҮ ҮЧҮН АРАКЕТТЕНЕТ.

6.СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨДӨ АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮ, АДЕП-АХЛАКТЫК МАМИЛЕЛЕРДИ ТҮЗҮҮ БОЮНЧА ИШ ЖҮРГҮЗӨТ,АТА-ЭНЕЛЕРДИН (АЛАРДЫН МЫЙЗАМДУУ ӨКҮЛДӨРҮН, КАМКОРЧУЛАРДЫ) ЖАНА КООМЧУЛУКТУ БАЛДАР МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧҮҮГӨ ТАРТАТ.

7.СОЦИАЛДЫК КООПТУУ Ү-БҮЛӨЛӨРДҮ АНЫКТАЙТ, АЛАРДЫН БАЛДАРГА ТИЙГИЗГЕН ТЕРС ТААСИРИН АЗАЙТУУГА КӨМӨКТӨШӨТ,БАЛАНЫН ӨСҮП-ӨНҮГҮШҮ ҮЧҮН ЖАГЫМДУУ ШАРТТАРДЫ ТҮЗҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРЕТ.ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛАНЫ ЭРТЕЛЕП ЖЕТИЛТҮҮГӨ ЖАНА ТАРБИЯЛООГО КОЛДОО КӨРСӨТӨТ.

8.КООМДУН ЖАШООО-ТУРМУШУНА АРАЛАШУУ ЖАГЫНАН КЫЙЫНЧЫЛЫККА КАБЫЛГАН, КАМ КӨРҮҮГӨ МУКТАЖ, ООР АБАЛГА ТУШУП КАЛГАН БАЛДАР МЕНЕН ӨСПҮРҮМДӨРДҮ АНЫКТАЙТ ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛАТ, АЛАРГА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАРДАМ ЖАНА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА АЛГЫЛЫКТУУ ЧАРАЛАРДЫ КӨРӨТ.

9.БАЛДАРДЫН ИШТЕРИ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН, ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕР АРАСЫНДАГЫ КАРООСУЗДУКТУН ЖАНА УКУК БУЗУУЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА КЕҢЕШТИН ИШИНЕ КАТЫШАТ.

10.БАЛДАРДЫН, ӨСПҮРҮМДӨРДҮН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН ИЛИКТӨӨГӨ БАЙЛАНЫШКАН МААЛЫМАТТАРДЫ ЧОГУЛТАТ, МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРГА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН ЖЕКЕЧЕ МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧҮҮ ЖАНА АЛАР ҮЧҮН ШАРТ ТҮЗҮҮ МАСЕЛЕСИ БОЮНЧА РАСМИЙ СУРОО-ТАЛАП ЖАСАЙТ.

11.ЗАРЫЛ БОЛГОНДО (ЖОГОЛГОНДО, КҮЙҮП КЕТКЕНДЕ, УУРДАТКАНДА Ж.Б) БАЛДАРДЫН ӨЗДҮК ДОКУМЕНТТЕРИН (ТУУЛГАНДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ КҮБӨЛҮКТӨРҮН, ПАСПОРТТОРУН) КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮГӨ ЖАРДАМДАШАТ.

12.БАЛДАРГА, АТА-ЭНЕЛЕРГЕ ЖАНА МЕКТЕП ПЕДАГОГДОРУНА КЕҢЕШ, СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАРДАМ БЕРЕТ.

13.БАЛДАРДЫН ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨРДҮН УКУКТАРЫН, ДЕН-СООЛУГУН ЖАНА ӨМҮРУН КОРГОО, ӨЗ УБАГЫНДА СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАРДАМ БЕРҮҮ МАКСАТЫНДА БИЛИМ ЖАНА ТАРБИЯ БЕРҮҮЧҮ УЮМДАР, ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕР ИНСПЕЦИЯСЫ, ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАРДАМ, СОЦИАЛДЫК КОРГОО КЫЗМАТТАРЫ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ, ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ МЕНЕН ИШТИКТҮҮ МАМИЛЕ ТҮЗӨТ.

14.МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШИНЕ КАТЫШАТ.

15.МЕКТЕПТЕ, ЖАШОО-ТИРИЧИЛИКТЕ, КООМДУК ЖАЙЛАРДА ЖҮРҮМ-ТУРУМДУК, АДЕПТИК ЧЕНЕМДЕРИН САКТАЙТ.

ЖАЛПЫСЫНАН СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГ ӨТӨ ЧОҢ КӨЛӨМДӨГҮ ИШТЕРДИ АТКАРАТ. АЛ ОКУУЧУЛАР, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АЛАРДЫН АТА-ЭНЕЛЕРИ (КАМКОРЧУЛАРЫ),ҮЙ-БҮЛӨСҮ ЖАНА МУГАЛИМДЕР МЕНЕН ИШТЕЙТ.ЖЫЙЫНТЫКТАП АЙТКАНДА ЖАЛПЫСЫНАН ТӨМӨНКҮ ФУНКЦИЯЛАРДЫ АТКАРАТ.

1.БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ-ТАРБИЯЛЫК.

БАЛДАРДЫН ЖАНА УЛУУ КУРАКТАГЫЛАРДЫН (ЧОҢ КИШИЛЕРДИН) ЖҮРҮМ-ТУРУМУНА ЖАНА ИШИНЕ МАКСАТТУУ ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАСИР БЕРҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ.

2.ДИАГНОСТИКАЛЫК.

БАЛДАРДЫН,ҮЙ-БҮЛӨНҮН, СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨНҮН ЖЕКЕЧЕ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮНӨ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ТИРИЧИЛИКТИК ШАРТТАРЫНА  ИЛИКТӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮ МЕНЕН “СОЦИАЛДЫК” ДИАГНОЗ КОЮУ, БАЛАГА ОҢ ЖАНА ТЕРС ТААСИРЛЕРДИ ЖАНА АР КАНДАЙ ТҮРДӨГҮ КӨЙГӨЛӨРДҮ(ПРОБЛЕМАЛАРДЫ) АНЫКТОО.

3. УЮШТУРУУЧУЛУК.

СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАРДАМ БЕРҮҮ, ТАРБИЯ БЕРҮҮГӨ КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧҮҮДӨ, ПЛАНДАРДЫ,ПРОГРАММАЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ БАЛДАРДЫН ЖАНА УЛУУ КУРАКТАГЫЛАРДЫН, ПЕДАГОГДОРДУН ЖАНА ВОЛЕНТЁРЛОРДУН КООМДУК ИШТЕРИН УЮШТУРУУ.

-АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУГА,АЛАРДЫН ӨЗ МИЛДЕТИНЕ ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ, АҢ-СЕЗИМДҮҮ МАМИЛЕСИН КАЛЫПТАНДЫРУУГА, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АТА-ЭНЕЛЕРИ МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕСИНДЕ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРГА ТУШ КЕЛГЕН БАЛДАРГА ЖАРДАМ БЕРҮҮГӨ;

-БАГУУСУНАН АЙРЫЛГАН БАЛДАРДЫ ЖӨЛӨК ПУЛ, ПЕНСИЯ МЕНЕН КАМСЫЗДООГО;

-ЖЕТИМ ЖАНА АТА-ЭНЕСИНЕН КАРООСУЗ КАЛГАН ОКУУЧУ (ТАРБИЯЛАНУУЧУ) БАЛДАРДЫН САКТЫК САЛЫМДАРЫН, БААЛУУ КАГАЗДАРЫН ТАРИЗДӨӨГӨ.

## СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ИШИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

1.БАЛАНЫ ТАРБИЯЛОО ЖАНА ОКУУСУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН КӨЙГӨЙЛӨРДӨ (ПРОБЛЕМАЛАРДА) ҮЙ-БҮЛӨГӨ ЖАРДАМ БЕРҮҮ.

2.БАЛАНЫН САБАККА КАТЫШУУСУНА ЖАНА ЖЕТИШҮҮСҮНӨ ТЕРС ТААСИР ЭТҮҮЧҮ СЕБЕПТЕРДИ ЧЕТТЕТҮҮДӨ АГА ЖАРДАМ БЕРҮҮ.

3.СОЦИАЛДЫК МААНИЛҮҮ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ,АКЦИЯЛАРДЫ УЮШТУРУУГА,ӨТКӨРҮҮГӨ БАЛДАРДЫ, АТА-ЭНЕЛЕРДИ ЖАНА КООМЧУЛУКТУ ТАРТУУ.

4.БАЛАНЫН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНА ТИЕШЕСИ БАР ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ,КӨЙГӨЙЛҮҮ (ПРОБЛЕМАЛУУ) ЖАГДАЙЛАРДЫ ӨНҮГҮҮНҮН БАШТАПКЫ СТАДИЯСЫНДА ОЛУТТУУ КЕСЕПЕТТЕРДИ БОЛТУРБОО ҮЧҮН НЫКТОО ЖАНА ЧЕЧҮҮ.

5.ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕСИНЕ ЧЕЙИН БАЛДАР ЖАНА АЛАРДЫН АТА-ЭНЕЛЕРИ МЕНЕН ТОПТУК ЖАНА ЖЕКЕЧЕ КОНСУЛЬТАЦИЯЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ,ТУРМУШТУК ТАТААЛ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮ,СТРЕССТИ АЛЫП САЛУУ.ТИЕШЕЛҮҮ МЕКЕМЕЛЕРДИН ЖАНА УЮМДАРДЫН АДИСТЕРИН ТАРТУУ МЕНЕН БАЛДАРДЫН СУРОО-ТАЛАПТАРЫН, КЕРЕКТӨӨЛӨРҮН АНЫКТОО ЖАНА КОНКРЕТТҮҮ ОКУУЧУГА ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ ЧАРАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ.

6.БАЛДАР МЕНЕНЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЧЕЧҮҮДӨ МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГДОРУНА ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ.

7. “КОРКУНУЧ” ТОБУНДАГЫ БАЛДАР МЕНЕН ИШТӨӨ.

8.БАҢГИЛИК, АРАКЕЧТИК, ТОКСИКОМОНИЯ, ТАМЕКИ ЧЕГҮҮ,НАСПАЙ ТАРТУУНУН АЛДЫН АЛУУ.

9.ЖЕТИМ БАЛДАР МЕНЕН ИШТӨӨ.

10.Камкордукка алынган балдар менен иштөө.
11.Толук эмес үй-бүлөлөр менен иштөө.
12.Селсаяктын алдын алуу.
13.Жайсыз, (ата-энеси ичкич,чыр-чатактуу ж.б.) балдар менен иштөө.
14. Активист балдар менен иштөө.
15.Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөө.

# Социалдык педагогдун укуктары

1. Мектептин Уставында аныкталган тартипте мектепти башкарууга катышууга.
2. Кесиптик беделин жана кадыр-баркын коргоого.
3. Өзүнүн ишине берилген баланы камтыган даттануулар жана башка документтер менен таанышууга, алар боюнча түшүндүрмө берүүгө.
4. Тартипке салуучу же кызматтык териштирүү кесиптик адеп ченемдерин бузуу менен жүргүзүлгөн учурларда өз кызыкчылыктарын өзү же өкүлү (мунун ичинен-адвокат) аркылуу коргоого.
5. Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, тартипке салуучу же кызматтык териштирүүнү купуя жүргүзүшүн талап кылууга.
6. Социалдык-педагогикалык иштин усулдарын,методикасын өз ыктыяры менен тандоого жана колдонууга.
7. Кесиптик чеберчилигин жогорулатууга.

## СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДА КАРАЛГАН ТАРТИПТЕ СОИАЛДЫК ПЕДАГОГ ТӨМӨНКҮЛӨР ҮЧҮН ЖООПТУУ.

-СОЦИАЛДЫК –ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАР УБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН(ТАРБИЯЛАНУУЧУЛАР-ДЫН) ӨМҮРҮ ЖАНА ДЕН-СООЛУГУ ҮЧҮН, ОШОНДОЙ ЭЛЕ УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИНИН БУЗУЛГАНДЫГЫ  ҮЧҮН.

-МЕКТЕПТИН УСТАВЫН ЖАНА ИЧКИ ТАРТИП ЭРЕЖЕЛЕРИН, МЕКТЕП ДИРЕКТОРУНУН МЫЙЗАМДУУ БУЙРУКТАРЫН ЖЕ БАШКА ИЧКИ ЧЕНЕМДИК  АКТЫЛАРДЫ БУЗГАНДЫГЫ, КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИН ЖҮЙӨЛҮҮ СЕБЕПТЕРСИЗ АТКАРБАГАНДЫГЫ ЖЕ ТАЛАПТАГЫДАЙ АТКАРБАГАНДЫГЫ ҮЧҮН ЭМГЕК МЫЙЗАМДАРЫНДА АНЫКТАЛГАН ТАРТИПТЕ.

-ОКУУЧУГА (ТАРБИЯЛАНУУЧУГА) КҮЧ КОЛДОНГОНДУГУ ЖЕ ПСИХОЛОГИЯЛЫК КЫСЫМ КӨРСӨТКӨНДҮГҮ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ БАШКА АДЕПТЕН ТЫШ ЖОРУКТАРДЫ ЖАСАГАНДЫГЫ ҮЧҮН КЫРГЫЗ    РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК МЫЙЗАМДАРЫНДА ЖАНА “БИЛИМ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМЫНДА АНЫКТАЛГАН ТАРТИПТЕ КЫЗМАТЫНАН БОШОТУУГА ЧЕЙИНКИ ЧАРАЛАР КӨРҮЛҮШҮ МҮМКҮН.

## Социалдык иштин принциптери

1. Балага жекече мамиле жасоо.
2. Балага оптимисттик ишеним берүү.
3. Балага калыс мамиле жасоо.
4. Коммуникативдүүлүк.

**Мектептин социалдак педагогу жөнүндө ЖОБО**

**Социалдык педагог-тарыхий жана маданий салттарды эске алуу менен гумандуулук принциптеринин негизинде педагогдордун жана ата-энелердин иштерин уюштуруу менен окуучулардын социалдык жана кесиптик өз алдынча өнүгүүлөрү үчүн шарттарды түзүүчү мектеп кызматкери.**

**Мектептин социалдык педагогунун негизги милети балдардын укуктарын социалдык жактан коргоо, баланын өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарын түзүү, үй-бүлө менен мектептин ортосундагы байланышты жана өнөктөш байланышты камсыз кылуу болуп эсептелет.**

**Мектептин социалдык педагогунун милдетин кесиптик педагогикалык билими жөнүндө диплому, социалдык педагогдун сертификаты бар кызматкер аткара алат.**

**Социалдык педагог мектеп админстрациясы, мугалимдер,педагог-психолог,педагог-уюштуруучу,тарбиячылар,окуучулар жана алардын ата-энелери( аларды алмаштыруучу адамдар) менен өз ара байланышта иштейт.**

**Өзүнүн кесиптик максаттарына жетүү үчүн ал мамлекеттик башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелеринин өкүлдөрү,16 жашка чейинки окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын көздөгөн бардык уюмдар менен байланыш түзөт.**

**Билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин ишине катышат,жергиликтүү бийлик органдары жана үй-бүлөнү жана балдарды социалдык коргоо боюнча муниципиалдык кызматтар менен байланыш түзөт.**

**Социалдык педагогду ишке алуу жана бошотуу Эмгек жөнүндө мыйзамдар кодексинде белгиленген тартипте жүргүзүлөт.**

**Социалдык педагогдун ишин жетектөөнү билим берүү мекемесинин жетекчиси жүргүзөт.**

**Социалдык педагогду аттестациялоо мыйзамда белгиленген тартипте аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.**

**Социалдык педагог өз ишин Билим берүү мекемесинин Жобосуна жана Уставына ылайык жүргүзөт.**

**Социалдык  педагог ишти эмнеден баштоо керек?**

**Социалдык педагог мектептеги ишти эмнеден баштоо керек:**

**-билим берүү уюмунун ишин аныктоочу ченемдик документтер (түзүмү, уставы,программасы ж.б.) менен таанышуу;**

**-мектеп жайгашкан кичи райондук социалдык-демографиялык паспорту (кичи райондун тиби, үй-бүлөнүн контингенти, инсанды өнүктүрүү жана социалдык-педагогикалык иштерди жүргүзүү үчүн шарттар ж.б.) менен таанышуу, ошол райондо социалдык жактан коргоочу кызматтар менен өз ара байланышта иштөөнүн формаларын аныктоо;**

**-мектептин социалдык педагогунун ишинин мазмуну менен таанышуу, кызматтык нускамасы менен таанышуу;**

**-социалдык педагогдун кызматтык милдеттерин педагогикалык кеңешмеде мугалимдерге, ата-энелер чогулушунда, линейкада окуучуларга түшүндүрүү;**

**- социалдык педагог класс жетекчилер менен тыгыз байланышта иштеп,ар бир класстын социалдык абалы боюнча сандык мониторинг түзөт. Иш жүргүзө турган үй-бүлөлөрдүн контингентин билүү милдеттүү. Ошондуктан, класстын, үй-бүлөнүн социалдык паспортун толтурат.**

**Суроолор:**

**1.Социалдык педагог деген ким?**

**2. Социалдык  педагогдун кызматтык милдеттери кайсылар?**

**3.Социалдык педагогдун укуктарын айтып бергиле?**

**4. Социалдык педагогдун милдеттери,жопкечилиги эмнеде?**

**5. Социалдык педагог кандай кызматташтыктарды жүргүзүүсү керек?**

**6. Социалдык педагог ишти эмнеден баштоо керек?**

**7.Социалдык педагогго тиешелүү кандай мыйзамдарды билиш керек?**

Адабияттар:

1.Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси.
2.Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө КР мыйзамы.
3. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси.
4. Кыргыз республикасындагы мамлекеттик пособиелер жөнүндө.
5. Жоодабек Асылбек.Балдарды тарбиялоодо атанын орду тууралуу. “Билим.Тарбия. Адеп” журналы.2011.№4.
6. Инновациялык терминдер жана түшүнүктөр сөздүгү (түзүүчүлөр: Иптаров С., Турдубаев Ж.,Алимбеков А., Кадыров Ы., Мурзаев М., Шаматов Д.)Б.:2012.